# ДЕПОЗИТТЕР

*(2013-жылдын январь-март айлары үчүн)*

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




2013-жылдын алгачкы үч айынын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүшү белгиленип, ал мурунку чейректе банктык эсептердеги акча каражаттарынын чогуу алгандагы калдыгынын бир аз төмөндөшүнөн улам корректировкалаган. Өсүштүн негизги өбөлгөсүнөн болуп депозиттик базанын валюталык түзүүчүсү кеңейтилгендигинен улам жүргөн, ошол эле учурда сом түрүндө депозиттердин көлөмү тескерисинче, рыноктун ири катышуучулары – эки банктагы юридикалык жактардын эсептеринен каражаттардын агылып чыгууларынан улам азайган. Түптөлгөн мындай жагдайдан улам, чет өлкө валютасында депозиттер боюнча тиешелүү көрсөткүчтүн сакталышынын алкагында, салымдар боюнча улуттук валютада орточо салмактанган чен жогорулаган.

Кароого алынган мезгилдин акырына карата абал боюнча коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 2,7 пайызга көбөйүү менен 52,0 млрд. сом чегинде катталган. Көбүнчө, депозиттик базанын валюталык түзүүчүсү 6,2 пайызга көбөйүп, ал эми сом түрүндө салымдардын көлөмү 0,5 пайызга төмөндөгөн (АКШ долларын турукташтырууну эске албаганда, депозиттик база 2,1 пайызга өскөн). Ушунун эсебинен депозиттик базанын долларлашуу деңгээли март айынын акырына 1,6 пайыздык пунктка, 48,5 пайызга чейин өскөн.

Калктын салымдарынын өсүшү оң тенденцияда өнүккөндүктөн, алардын депозиттик база түзүмүндөгү үлүшү 41,1 пайыздан 43,6 пайызга чейин жогорулаган (2-график).

**1-Таблица. Иштеп жаткан коммерциялык банктарда депозиттердин динамикасы**

| Мезгили | Депозиттердин калдыгы | | | | | Кабыл алынган депозиттер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | улуттук валютада | | чет өлкө валютасында | | Бардыгы | улуттук валютада | | чет өлкө валютасында | |
| | (миң сом) | көлөмү (миң сом) | Чен (%) | көлөмү (миң сом) | Чен (%) | (миң сом) | көлөмү (миң сом) | Чен (%) | көлөмү (миң сом) | Чен (%) |
| 2012-ж., январь айы | 40 216 565,4 | 19 390 990,2 | 5,4 | 20 825 575,2 | 2,7 | 15 541 023,2 | 7 176 265,3 | 2,0 | 8 364 757,9 | 0,8 |
| Февраль айы | 40 008 706,2 | 19 904 894,5 | 5,4 | 20 103 811,7 | 2,8 | 16 955 350,4 | 8 493 410,3 | 2,3 | 8 461 940,1 | 0,8 |
| Март айы | 42 242 058,6 | 20 707 237,5 | 5,4 | 21 534 821,1 | 2,7 | 17 424 527,5 | 9 099 666,9 | 2,1 | 8 324 860,6 | 0,8 |
| **Жыйынтыгында, 2012-ж. 1-чейреги үчүн** | **42 242 058,6** | **20 707 237,5** | **5,4** | **21 534 821,1** | **2,7** | **49 920 901,1** | **24 769 342,5** | **2,1** | **25 151 558,6** | **0,8** |
| 2013-ж., январь айы | 53 081 595,6 | 27 498 043,5 | 5,1 | 25 583 552,1 | 2,7 | 15 962 274,6 | 8 358 158,2 | 2,4 | 7 604 116,4 | 0,9 |
| Февраль айы | 51 840 342,8 | 26 407 198,6 | 5,4 | 25 433 144,2 | 2,7 | 17 552 034,2 | 9 632 231,9 | 2,2 | 7 919 802,3 | 0,7 |
| Март айы | 52 003 870,6 | 26 806 295,7 | 5,4 | 25 197 574,9 | 2,8 | 19 400 670,0 | 10 421 769,1 | 2,2 | 8 978 900,9 | 0,8 |
| **Жыйынтыгында, 2013-ж. 1-чейреги үчүн** | **52 003 870,6** | **26 806 295,7** | **5,4** | **25 197 574,9** | **2,8** | **52 914 978,8** | **28 412 159,2** | **2,3** | **24 502 819,6** | **0,8** |
| Бир мезгил ичинде өзгөрүү | 1 352 545,0 | -121 304,4 | 0,1 | 1 473 849,4 | 0,0 | 2 994 077,7 | 3 642 816,7 | 0,1 | -648 739,0 | 0,0 |
| Өсүш арымы | 2,7% | -0,5% | | 6,2% | | 6,0% | 14,7% | | -2,6% | |

**2-Таблица. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча 2013-жылдын январь-март айлары ичинде депозит базасынын өзгөрүүсү**

*миң сом*

| | ЖЫЙЫНТЫГЫНДА | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эсептешүү эсептери | Талап боюнча төлөнүүчү | 0 - 1 ай | 1 - 3 ай | 3 - 6 ай | 6 - 12 ай | 1 жылдан 3 жылга чейин | 3 жылдан ашкан |
| **Жалпы өзгөрүү** | **1 352 545** | **-22 047** | **477 531** | **158 463** | **423 835** | **149 051** | **-307 869** | **466 170** | **7 410** |
| анын ичинде: | | | | | | | | | |
| жеке адамдардын депозиттери боюнча | **1 844 094** | -87 649 | 1 001 397 | 168 917 | 303 106 | 121 745 | 52 551 | 273 427 | 10 601 |
| улуттук валютада | **1 074 141** | -74 978 | 623 492 | 58 303 | 147 255 | 161 731 | 15 163 | 128 204 | 14 972 |
| чет өлкө валютасында | **769 952** | -12 671 | 377 905 | 110 614 | 155 852 | -39 987 | 37 387 | 145 223 | -4 372 |
| юридикалык жактардын депозиттери боюнча | **-712 962** | -103 704 | -531 253 | 16 992 | 98 147 | -68 552 | -251 364 | 129 772 | -3 000 |
| улуттук валютада | **-1 203 341** | -1 209 720 | 1 485 | 128 754 | 119 887 | -76 280 | -152 795 | -11 672 | -3 000 |
| чет өлкө валютасында | **490 379** | 1 106 016 | -532 738 | -111 761 | -21 740 | 7 728 | -98 569 | 141 444 | 0 |
| резидент эместердин депозиттери боюнча | **221 413** | 169 306 | 7 387 | -27 447 | 22 582 | 95 859 | -109 056 | 62 972 | -190 |
| улуттук валютада | **7 895** | 4 679 | -6 551 | 1 936 | 5 596 | 2 287 | 2 011 | -1 970 | -92 |
| чет өлкө валютасында | **213 518** | 164 627 | 13 938 | -29 383 | 16 986 | 93 572 | -111 066 | 64 942 | -98 |

2013-жылдын 1-чейрегинде депозиттик базанын убактылуу түзүмүндө тартылган ресурстардын мөөнөтүнүн өсүшү белгиленген. Эсептешүү эсептердеги каражаттардын үлүшү 40,6 пайыздан 39,5 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми мөөнөттүү аманаттар 34,6 пайыздан 35,5 пайызга чейин жогорулаган. Мында, банк кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттериндеги калдыктар көлөмү 3,8 пайызга көбөйүп, натыйжада алардын үлүшү чейрек ичинде 24,8 пайыздан 25,1 пайызга чейин жогорулаган. Мөөнөттүү аманаттар түзүмү узак мөөнөттүү аманаттар үлүшүн көбөйтүү жагына (бир жылдан ашкан) депозиттик базанын жалпы көлөмүндөгү 0,7 пайыздык пунктка, 9,8 пайызга (же мөөнөттүү депозиттердин көлөмүндө 27,8 пайызга) чейин жогорулатуу, ошол эле мезгилде кыска мөөнөттүү аманаттардын салыштырма салмагы 0,2 пайыздык пунктка, 25,6

**3-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде кабыл алынган депозиттердин динамикасы**




**4-график. Улуттук валютада кабыл алынган депозиттердин түзүмү**




**5-график. Чет өлкө валютасында кабыл алынган депозиттердин түзүмү**



пайызга чейин көбөйгөн. Натыйжада, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы жыл башынан бери 13,0 айдан 12,9 айга чейин бир аз азайган, ал эми жалпы депозиттик базанын дюрациясы 4,5 айдан 4,6 айга чейин жогорулаган.

**3-Таблица. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча 2013-жылдын январь-март айлары ичиндеги депозиттер агымынын 2012-жылдын январь-март айларына салыштырганда өзгөрүүсү**

*миң сом*

| | ЖЫЙЫНТЫГЫНДА | Анын ичинде | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Талап боюнча төлөнүүчү | 0 - 1 ай | 1 - 3 ай | 3 - 6 ай | 6 - 12 ай | 1 жылдан 3 жылга чейин | 3 жылдан ашкан |
| **Жалпы өзгөрүү** | **2 994 078** | **2 222 689** | **234 693** | **-31 274** | **227 904** | **145 098** | **199 615** | **-4 648** |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| жеке адамдардын депозиттери боюнча | **5 431 022** | 4 668 038 | 73 415 | 109 053 | 179 736 | 256 083 | 149 422 | -4 723 |
| улуттук валютада | **4 235 341** | 3 736 101 | -6 028 | 79 338 | 126 689 | 196 648 | 103 920 | -1 327 |
| чет өлкө валютасында | **1 195 681** | 931 937 | 79 442 | 29 715 | 53 047 | 59 434 | 45 502 | -3 397 |
| юридикалык жактардын депозиттери боюнча | **-942 585** | -951 263 | 164 606 | -127 776 | 37 094 | -124 539 | 59 153 | 140 |
| улуттук валютада | **-652 980** | -515 640 | -7 973 | -108 306 | 58 172 | -101 530 | 22 156 | 140 |
| чет өлкө валютасында | **-289 605** | -435 623 | 172 579 | -19 469 | -21 078 | -23 010 | 36 997 | 0 |
| резидент эместердин депозиттери боюнча | **-1 494 360** | -1 494 085 | -3 328 | -12 552 | 11 075 | 13 555 | -8 959 | -65 |
| улуттук валютада | **60 456** | 52 096 | -3 730 | -908 | -236 | 10 370 | 2 937 | -73 |
| чет өлкө валютасында | **-1 554 815** | -1 546 181 | 401 | -11 644 | 11 311 | 3 185 | -11 896 | 9 |

Рыноктун концентрациялануу индекси 0,10 өлчөмүндө түптөлүп, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине ылайык келүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ он катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү.

Кароого алынган мезгил аралыгында коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсү көбөйгөндүгү белгиленген. 2013-жылдын 1-чейрегинде жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 6,0 пайызга көбөйүп, 52,9 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 28,4 млрд. сом (+14,7 пайыз), ал эми чет өлкө валютасында – 24,5 млрд. сом эквиваленти (-2,6 пайыз) чегинде калыптанган.

Түзүмдөр боюнча алып караганда, жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин өсүшү менен камсыздалган, булардын көлөмү бул мезгил ичинде 4,9 пайызга көбөйгөн. Мында, талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшү көбүнчө кыска мөөнөттүү түзүүчүлөрдүн өсүшүнүн эсебинен мөөнөттүү аманаттардын үлүшүн пропорционалдуу кеңейтүү менен ал 90,3 пайыздан 89,4 пайызга чейин төмөндөгөн (төлөө мөөнөтү 1 айдан 3 айга чейинки депозиттерди эске албаганда). Натыйжада, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясын 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 11,6 айдан 11,4 айга чейин төмөндөгөн, бирок жаңыдан кабыл алынган дюрациянын орточо көрсөткүчү 1,1 айдан 1,2 айга чейин жогорулаган.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттердин орточо салмактанып алынган пайыздык чени, мөөнөттүү депозиттер үлүшүн көбөйтүүнүн эсебинен жылдык мааниде алганда 0,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,3 пайызды түзгөн. Мындай депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 10,3 пайызды (-0,3 пайыздык пунктту) түзүп, ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттердики 0,2 пайыздык пунктка, 1,4 пайызга чейин өскөн.

---

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынган эмес.

Банктар боюнча алып карасак, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 23[2] коммерциялык банктардын ичинен 6 банкта жогорулаган, иштеп турган ФКМдердин биринде чен өзгөрүүсүз калып, ал эми калгандарында чендер төмөндөтүлгөн. Улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча реалдуу чендин орточо мааниси 2012-жылдын 1-чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги 9,7 пайызга карама-каршы 9,1 пайызды түзгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча чен 0,8 пайызды түзүү менен 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги деңгээлде сакталып калган. Мында өзгөрүүлөр, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин тиешелүү көрсөткүчүнө таасирин тийгизген эмес, ошол эле учурда чет өлкө валютасында мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 6,2 пайызга (-0,7 пайыздык пунктка) чейин азайган.

**7-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Банктар боюнча алып караганда, чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча чендердин орточо деңгээли чет өлкө валютасындагы депозиттерди тартууга лицензиясы бар 23 банктын ичинен 11инде төмөндөгөн, ал эми калгандарында чендер жогорулаган.

---

[2] Иштеп турган банктардын жалпы санында кароого алынган мезгил ичинде 6 банк улуттук валютада депозиттерди тартуу менен иш алып барган эмес, ал эми 4 банк – чет өлкө валютасында депозиттерди тарткан эмес.